**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024-жылдын 29-октябры, № 652

**Кыргыз Республикасындагы корпоративдик топтолмо пенсиялык фонддор жөнүндө жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасындагы корпоративдик топтолмо пенсиялык фонддорду өнүктүрүү максатында, "Кыргыз Республикасындагы топтолмо пенсиялык фонддор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2[1]-беренесинин 5-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасындагы корпоративдик топтолмо пенсиялык фонддор жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.У. Жапаров**

011355*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 29 октября 2024 года № 652

**Об утверждении Положения о корпоративных накопительных пенсионных фондах в Кыргызской Республике**

В целях развития корпоративных накопительных пенсионных фондов в Кыргызской Республике, в соответствии с частью 5 статьи 2[1] Закона Кыргызской Республики «О накопительных пенсионных фондах в Кыргызской Республике», статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Положение о корпоративных накопительных пенсионных фондах в Кыргызской Республике согласно приложению.
2. Настоящее постановление подлежит официальному опубликованию и вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

011349*

Тиркеме

**Кыргыз Республикасындагы корпоративдик топтолмо пенсиялык фонддор жөнүндө жобо**

**1. Жалпы жоболор**

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасында корпоративдик топтолмо пенсиялык фонддорду түзүүнүн, уюштуруунун, иштешинин, башкаруунун укуктук негиздерин аныктайт.

2. Корпоративдик топтолмо пенсиялык фонд (мындан ары – фонд) жумуш берүүчү менен фонддун же ишенимдүү башкарууну жүзөгө ашыруучу башкаруучу компаниянын ортосунда түзүлгөн корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишимдерине ылайык эмгек жамаатынын мүчөлөрүн кошумча мамлекеттик эмес пенсиялык камсыз кылуу үчүн ыктыярдуу негизде түзүлөт.

3. Фонд бир тармактын бир же бир нече юридикалык жактары тарабынан өздөрүнүн кызматкер-катышуучулары үчүн түзүлөт. Тармактык белгиси боюнча фонддор белгилүү тармактын өкүлү болгон уюмдар, ассоциациялар же мекемелер тарабынан түзүлөт жана ошол тармактагы кызматкерлерди пенсия менен камсыз кылууга багытталат.

4. Фонддун иши Кыргыз Республикасынын акционердик коомдор жөнүндө мыйзамдарына, топтолмо пенсиялык фонддор чөйрөсүндөгү мыйзамдарга, ушул Жобого, ошондой эле фонддун уставына жана эрежелерине ылайык жөнгө салынат .

5. Ушул Жобонун максаттары үчүн төмөнкүдөй негизги терминдер жана алардын аныктамалары колдонулат:

**корпоративдик пенсия менен камсыз кылуу келишими** – бир тараптан фонддун же башкаруучу компаниянын жана башка тараптан аманатчынын (мындан ары – аманатчы) ортосунда аманатчынын пайдасы үчүн түзүлгөн макулдашуу, ага ылайык аманатчы корпоративдик пенсиялык төгүмдөрдү фондго же башкаруучу компанияга төлөп турууга милдеттенет, өз кезегинде фонд же башкаруучу компания катышуучуга корпоративдик пенсияны төлөөгө милдеттенет;

**корпоративдик пенсиялык программа** – уюм тарабынан иштелип чыккан, кызматкердин корпоративдик пенсия алуу укугуна ээ болуу шарттарын, пенсиялык программаны каржылоо шарттарын, пенсиялардын өлчөмүн аныктоо тартибин, ошондой эле кызматкерлерди мамлекеттик эмес корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу менен байланышкан башка маселелерди бекитүүчү мамлекеттик эмес пенсиялык камсыз кылуу системасы;

Приложение

**Положение о корпоративных накопительных пенсионных фондах в Кыргызской Республике**

**1. Общие положения**

1. Настоящее Положение определяет правовые основы создания, организации, функционирования, управления при осуществлении деятельности корпоративных накопительных пенсионных фондов в Кыргызской Республике.

2. Корпоративный накопительный пенсионный фонд (далее – фонд) создается на добровольной основе для предоставления дополнительного негосударственного пенсионного обеспечения членам трудового коллектива в соответствии с договорами корпоративного пенсионного обеспечения, заключенными между работодателем и фондом или управляющей компанией, осуществляющими доверительное управление.

3. Фонд создается одним или несколькими юридическими лицами одной отрасли для своих участников-работников. По отраслевому признаку фонды создаются организациями, ассоциациями или учреждениями, представляющими определенную отрасль, и предназначены для предоставления пенсионного обеспечения работников в этой отрасли.

4. Деятельность фонда регулируется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики об акционерных обществах, законодательством в сфере накопительных пенсионных фондов, настоящим Положением, а также уставом и правилами фонда.

5. Для целей настоящего Положения используются следующие основные термины и их определения:

**договор корпоративного пенсионного обеспечения** – соглашение между фондом или управляющей компанией, с одной стороны, и вкладчиком – с другой (далее – вкладчик), заключаемое в пользу вкладчика, в соответствии с которым вкладчик обязуется уплачивать корпоративные пенсионные взносы в фонд или управляющую компанию, где последний в свою очередь обязуется выплачивать участнику корпоративную пенсию;

**корпоративная пенсионная программа** – система негосударственного пенсионного обеспечения, разработанная организацией, закрепляющая условия приобретения работником права на получение корпоративной пенсии, условия финансирования пенсионной программы, порядок определения размера пенсий, а также

**укук улантуучу** – катышуучу өлгөн учурда пенсиялык келишимдин шарттарына ылайык белгиленген тартипте сатып алуу суммасы төлөнүп берилген катышуучу көрсөткөн жеке жак (жактар);

**кызматкер** – жумуш берүүчү менен эмгек мамилелеринде турган жеке жак;

**жумуш берүүчү** – Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык түзүлгөн жана кызматкер менен эмгек мамилесине кирген юридикалык жак/уюм, анын ичинде акционердик коомдор;

**башкаруучу компания** – кардардын кызыкчылыктарында жана эсебинен инвестициялык активдерди, анын ичинде пенсияларды ишенимдүү башкарууну өзүнүн атынан жүзөгө ашырган, фонд тарабынан конкурстук негизде тандалып алынган баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусу;

**устав жана пенсиялык эрежелер** – фонддун ишинин тартибин жана кошумча мамлекеттик эмес корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишимдери боюнча фонддун милдеттенмелерин аткаруу шарттарын аныктаган фонддун уюштуруу документтери.

Ушул Жободо колдонулган башка түшүнүктөр жана терминдер "Кыргыз Республикасындагы топтолмо пенсиялык фонддор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинде аныкталган маанилерде колдонулат.

## 2. Фондду уюштуруунун жана иштөөнүн негизги жоболору

6. Фонддун негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) корпоративдик пенсия менен камсыз кылууну уюштуруу жана ага кызматкерлерди катыштыруу, пенсияга чыгууда кызматкерлердин социалдык корголуусун жогорулатуу;

2) корпоративдик пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө келишимдерге ылайык катышуучулардын алдындагы милдеттенмелерди аткаруу, корпоративдик пенсияны берүү;

3) мыкты натыйжаларга жетүү, жогорку квалификациялуу кадрларды тартуу жана кармоо үчүн иштердин жагымдуулугун жана кызматкерлердин шыктануусун жогорулатуу;

4) уюмдун финансылык туруктуулугун камсыз кылууга, кесипкөй, күчтүү команданы түзүүнүн эсебинен иштердин майнаптуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү.

7. Жумуш берүүчүнүн корпоративдик пенсиялык программасы корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу жайылтылган кызматкерлердин категорияларын, пайдаланылуучу пенсиялык схемаларды/пландарды, пенсиялык программаны каржылоо булактарын, корпоративдик пенсиялык камсыз кылууну жүзөгө ашырган фонддун же башкаруучу компаниянын кызматкерлерге карата



иные вопросы, связанные с негосударственным корпоративным пенсионным обеспечением работников;

**правопреемник** – указанное участником физическое лицо (лица), которому в случае смерти участника выплачивается выкупная сумма в порядке, установленном в соответствии с условиями пенсионного договора;

**работник** – физическое лицо, состоящее в трудовых отношениях с работодателем;

**работодатель** – юридическое лицо/организация, включая акционерные общества, созданное в соответствии с гражданским законодательством Кыргызской Республики и вступившее в трудовые отношения с работником;

**управляющая компания** – отобранный фондом на конкурсной основе независимый профессиональный участник рынка ценных бумаг, осуществляющий от своего имени, в интересах и за счет клиентов доверительное управление инвестиционными активами, в том числе пенсионными;

**устав и пенсионные правила** – учредительные документы фонда, определяющие порядок его деятельности и условия исполнения фондом обязательств по договорам дополнительного негосударственного корпоративного пенсионного обеспечения.

Иные понятия и термины, используемые в настоящем Положении, применяются в значениях, определенных в статье 3 Закона Кыргызской Республики «О накопительных пенсионных фондах в Кыргызской Республике».

## 2. Основные положения организации и функционирования фонда

6. Основными задачами фонда являются:

1) организация и предоставление участия работников в корпоративном пенсионном обеспечении, повышение социальной защищенности работника при выходе на пенсию;

2) исполнение обязательств перед участниками в соответствии с договорами о корпоративном пенсионном обеспечении, предоставление корпоративной пенсии;

3) повышение привлекательности работы и мотивации сотрудников для достижения лучших результатов, привлечение и удержание высококвалифицированных кадров;

4) содействие в обеспечении финансовой устойчивости организации, повышение эффективности работы за счет формирования сильной профессиональной команды.

7. Корпоративная пенсионная программа работодателя устанавливает категории работников, на которых распространяется

жайылтылган пенсиялык планынан көз каранды кызматкерлердин пайдасына жумуш берүүчү тарабынан төлөнүүчү пенсиялык төгүмдөрдүн өлчөмүн жана мезгилдүүлүгүн, корпоративдик пенсиялык камсыз кылуунун башка шарттарын белгилейт.

8. Жумуш берүүчүнүн корпоративдик пенсиялык программасы ыктыярдуу топтолмо пенсиялык камсыздандыруу эрежелерине жана корпоративдик пенсиялык камсыз кылууну жана пенсиялык топтолмо каражаттарды ишенимдүү башкарууну жүзөгө ашыруучу фонддун же башкаруучу компаниянын пенсиялык схемаларына карама-каршы келе албайт.

9. Фонд аманатчыларынын, катышуучуларынын жана камсыздандырылган жактардын алдындагы өз милдеттенмелерин эсепке алууга жана корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу боюнча жана милдеттүү пенсиялык камсыздандыруу боюнча пенсиялык топтомдордун каражаттарын өзүнчө эсепке алууга милдеттүү.

10. Аманатчылардын, катышуучулардын жана камсыздандырылган жактардын укуктары жана милдеттери ушул Жобо, топтолмо пенсиялык фонддор чөйрөсүндөгү мыйзамдар, фонддун эрежелери жана корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу жөнүндө келишим менен аныкталат.

11. Фонд пенсиялык топтомдорду инвестициялоо маселелери боюнча өз укуктарын топтолмо пенсиялык фонддор чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырат, аманатчылардын, катышуучулардын жана камсыздандырылган адамдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын бузбайт.

12. Фонд Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык башкаруучу компания менен ишенимдүү башкаруу келишимин түзүүгө укуктуу. Башкаруучу компания өз ишин ушул Жобого жана Кыргыз Республикасынын топтолмо пенсиялык фонддор чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырат.

13. Фонддун иши жөнүндө отчетту берүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы рыногу жана бухгалтердик эсеп чөйрөсүндөгү мыйзамдары менен белгиленет.

### 3. Фонддун ишинин эрежелери

14. Корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу боюнча фонддун ишинин эрежелери ушул Жобого ылайык иштелип чыгат жана фонддун директорлор кеңеши тарабынан бекитилет. Фонд уюмда иштеген белгилүү эмгек стажы бар кызматкерлердин катышуу шарттарын белгилөөгө укуктуу.

15. Фонд белгилүү бир убакытта же өмүр бою же энчилүү пенсиялык эсептеги каражаттар түгөнгөнгө чейин корпоративдик пенсияны алуу үчүн, ошондой эле пенсияларды төлөөнүн мезгилдүүлүгү – ай сайын, квартал сайын, жарым жылдык, жылдык



корпоративное пенсионное обеспечение, используемые пенсионные схемы/планы, источники финансирования пенсионной программы, размер и периодичность уплаты пенсионных взносов работодателем в пользу работников в зависимости от распространяющегося на них пенсионного плана фонда или управляющей компании, осуществляющих корпоративное пенсионное обеспечение, прочие условия корпоративного пенсионного обеспечения.

8. Корпоративная пенсионная программа работодателя не может противоречить правилам добровольного накопительного пенсионного страхования и пенсионным схемам фонда или управляющей компании, осуществляющим корпоративное пенсионное обеспечение и доверительное управление средствами пенсионных накоплений.

9. Фонд обязан осуществлять учет своих обязательств перед вкладчиками, участниками и застрахованными лицами и вести раздельный учет средств пенсионных накоплений по корпоративному пенсионному обеспечению и по обязательному пенсионному страхованию.

10. Права и обязанности вкладчиков, участников и застрахованных лиц определяются настоящим Положением, законодательством Кыргызской Республики в сфере накопительных пенсионных фондов, правилами фонда и договором о корпоративном пенсионном обеспечении.

11. Фонд осуществляет свои права по вопросам инвестирования пенсионных накоплений в соответствии с законодательством в сфере накопительных пенсионных фондов, не нарушает законных прав и интересов вкладчиков, участников и застрахованных лиц.

12. Фонд имеет право заключать договор доверительного управления с управляющей компанией в соответствии с гражданским законодательством Кыргызской Республики. Управляющая компания осуществляет свою деятельность в соответствии с настоящим Положением и законодательством Кыргызской Республики в сфере накопительных пенсионных фондов.

13. Порядок и сроки представления отчета о деятельности фонда устанавливаются законодательством Кыргызской Республики в сфере небанковского финансового рынка и бухгалтерского учета.

### 3. Правила деятельности фонда

14. Правила деятельности фонда по корпоративному пенсионному обеспечению разрабатываются в соответствии с настоящим Положением и утверждаются советом директоров фонда. Фонд вправе устанавливать условия участия работников, имеющих определенный трудовой стаж работы в организации.

жана башка варианттар боюнча катышуу шарттарын камтыган пенсиялык схемалардын ар кандай түрлөрүн иштеп чыгат жана кызматкерлерге сунуштайт. Фонд белгилүү мөөнөткө пенсиялык схемаларды иштеп чыгууга жана алардын колдонулушун узартууга укуктуу. Пенсиялык схемалар кызматкерлердин катышуу шарттары, пенсиялык төгүмдөрдүн өлчөмү жана мезгилдүүлүгү, корпоративдик пенсияны төлөө шарттары жана узактыгы, ошондой эле пенсиялык схемага катышууну токтотуу шарттары, кесепеттери жана корпоративдик пенсиялык камсыз кылуунун башка аспекттери жөнүндө жалпы маалыматтарды камтыйт.

16. Иш берүүчү тарабынан түзүлгөн корпоративдик топтолмо пенсиялык фонд өзүнүн ишинин түрүн, анын ичинде кайра уюштуруу аркылуу да ишинин түрүн өзгөртө албайт жана акционердик коомдор чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте гана жоюлушу мүмкүн.

17. Фондду түзгөн уюм (мекеме) анын талаптагыдай иштөөсү жана анын катышуучуларынын пенсиялык активдеринин фонд тарабынан пайдаланылуучу башкаруу түрүнө карабастан башкаруу үчүн жоопкерчилик тартат.

18. Фонддун уставдык капиталы бардык катышуучулардын алдында өз милдеттенмелерин толук көлөмдө аткаруу үчүн жетиштүү активдерди камсыз кылууга тийиш.

19. Пенсиялык активдерди башкаруудан фонд тарабынан алынган бардык кирешелер анын катышуучуларынын менчиги болуп саналат.

20. Фонд лицензиялык-уруксат берүү системасы чөйрөсүндөгү мыйзамдарда белгиленген тартипте тиешелүү лицензияларды алган шартта же башкаруучу компания менен ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү аркылуу башкаруучу компания аркылуу пенсиялык топтомдордун каражаттарын инвестициялоону өз алдынча жүзөгө ашырат.

21. Пенсиялык топтомдордун каражаттары пенсиялык топтомдордун каражаттарын инвестициялоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пенсиялык топтомдордун каражаттарын инвестициялоо үчүн уруксат берилген активдерге гана инвестицияланышы мүмкүн.

22. Пенсиялык топтомдордун каражаттарын ишенимдүү башкарууга берүү аларга менчик укугунун башкаруучу компанияга өтүүсүнө алып келбейт. Башкаруучу компаниянын мүлкү фонддун мүлкүнөн обочолонууга тийиш.

23. Фонд аманатчылардын, катышуучулардын жана камсыздандырылган адамдардын алдындагы милдеттенмелерин аткаруунун туруктуулугун камсыз кылуу үчүн пенсиялык резервдерди түзөт.



15. Фонд разрабатывает и предлагает работникам различные виды пенсионных схем, содержащие условия участия для получения корпоративной пенсии в определенное время или на пожизненный срок либо до исчерпания средств на именном пенсионном счете, а также по периодичности выплаты пенсий – ежемесячные, ежеквартальные, полугодовые, ежегодные и другие варианты. Фонд вправе разрабатывать пенсионные схемы на определенный срок и продлевать их действие. Пенсионные схемы включают общие сведения об условиях участия работников, размере и периодичности пенсионных взносов, условиях выплаты и продолжительности корпоративной пенсии, а также условиях и последствиях прекращения участия в пенсионной схеме и других аспектах корпоративного пенсионного обеспечения.

16. Созданный работодателем корпоративный накопительный пенсионный фонд не может изменить вид своей деятельности, в том числе посредством реорганизации, и может быть только ликвидирован в порядке, предусмотренном законодательством Кыргызской Республики в сфере акционерных обществ.

17. Организация (учреждение), создавшая фонд, несет ответственность за его надлежащее функционирование и управление пенсионными активами его участников вне зависимости от типа управления, используемого фондом.

18. Уставной капитал фонда должен обеспечивать достаточные активы для выполнения своих обязательств перед всеми участниками в полной мере.

19. Все доходы, получаемые фондом от управления пенсионными активами, являются собственностью его участников.

20. Фонд осуществляет инвестирование средств пенсионных накоплений самостоятельно при условии получения соответствующих лицензий в порядке, установленном законодательством в сфере лицензионно-разрешительной системы, или через управляющую компанию посредством заключения договора доверительного управления с управляющей компанией.

21. Средства пенсионных накоплений могут быть инвестированы только в активы, разрешенные для инвестирования средств пенсионных накоплений, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере инвестирования средств пенсионных накоплений.

22. Передача средств пенсионных накоплений в доверительное управление не влечет перехода права собственности на них к управляющей компании. Имущество управляющей компании должно быть обособлено от имущества фонда.

24. Кызматкерлердин катышуусу үчүн фонд корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу боюнча келишимди иштеп чыгат жана уюмдун кызматкерлерине берет. Корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишимине кызматкер жана фонд кол коет. Келишимде тараптардын укуктары жана милдеттери, пенсиялык топтомдорду түзүү жана пайдалануу тартиби аныкталууга тийиш.

25. Келишимге кол коюлгандан жана фондго пенсиялык чегерүүлөр башталгандан кийин кызматкер катышуучу катары таанылат. Кызматкерди фонддун катышуучусу деп таанууда фонддо белгиленген тартипте катышуучунун энчилүү пенсиялык эсеби ачылат. Фонддун катышуучуларына пенсиялык төгүмдөрдү жүзөгө ашыруучу уюм аманатчы деп таанылат.

26. Корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу системасы иш берүүчүнүн корпоративдик пенсиялык схемаларды (тилектеш, жеке, паритеттик) тандоосуна негизделет.

27. Аманатчы жана/же катышуучу мезгил-мезгили менен белгиленген мөөнөттөрдө жана аныкталган өлчөмдөрдө тандап алынган пенсиялык схемага ылайык фондго корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминин шарттарында каралган пенсиялык төгүмдөрдү төлөйт.

28. Фонд аманатчыдан биринчи пенсиялык төгүм фондго келип түшкөндөн кийин пенсиялык эсепти ачат. Фонд пенсиялык эсептен пенсиялык суммаларды катышуучулардын энчилүү пенсиялык эсептерине бөлүштүрөт. Фонддун катышуучуларынын энчилүү пенсиялык эсептери боюнча операциялар жөнүндө маалыматтар мезгил-мезгили менен белгиленген мөөнөттөрдө катышуучуларга, аманатчыга билдирилет.

29. Катышуучу эмгек акыдан үзгүлтүксүз төгүмдөрдү жүзөгө ашырат, аманатчы бул төгүмдөрдүн белгилүү бир бөлүгүн кармап калат жана фондго которот. Аманатчы кошумча каржылоону берген пенсиялык схемада катышуучулардын төгүмдөрү аманатчынын төгүмдөрү менен пропорционалдуу (эквиваленттүү) толукталат жана катышуучунун энчилүү пенсиялык эсебинде чагылдырылат.

30. Аманатчы жана/же катышуучу тарабынан пенсиялык төгүмдөрдү төлөөнүн узактыгы корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминин шарттарына ылайык корпоративдик пенсияны төлөөнү камсыз кылуу үчүн жетиштүү пенсиялык сумманы түзүү мезгилине шайкеш келет.

31. Фонддун катышуучусу корпоративдик пенсияны көбөйтүү үчүн пенсиялык схеманын шарттарында каралган үзгүлтүксүз пенсиялык төгүмдөрдөн тышкары өзүнүн жеке каражаттарын кошумча салууга укуктуу. Катышуучу пенсиялык схема боюнча өзүнүн тандоосун өзгөртүүгө же корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминин шарттарына ылайык пенсиялык схемага катышууну токтотууга укуктуу.



23. Для обеспечения устойчивости исполнения обязательств перед вкладчиками, участниками и застрахованными лицами фонд создает пенсионные резервы.

24. Для участия работников фонд разрабатывает договор по корпоративному пенсионному обеспечению и предоставляет работникам организации. Договор корпоративного пенсионного обеспечения подписывается между работником и фондом. В договоре должны быть определены права и обязанности сторон, порядок формирования и использования пенсионных накоплений.

25. После подписания договора и начала пенсионных отчислений в фонд работник признается участником. При признании работника участником фонда в установленном порядке в фонде открывается именной пенсионный счет участника. Организация, осуществляющая пенсионные взносы участникам фонда, признается вкладчиком.

26. Система корпоративного пенсионного обеспечения строится на выборе работодателем корпоративной пенсионной схемы (солидарная, индивидуальная, паритетная).

27. Вкладчик и/или участник периодически в установленные сроки и в определенных размерах вносят пенсионные взносы в фонд, предусмотренные в условиях договора корпоративного пенсионного обеспечения, согласно выбранной пенсионной схеме.

28. Фонд открывает пенсионный счет после поступления в фонд от вкладчика первого пенсионного взноса. Фонд перераспределяет пенсионные суммы с пенсионного счета на именные пенсионные счета участников. Сведения об операциях по именным пенсионным счетам участников фонд периодически в установленных сроках доводит до сведения участников, вкладчика.

29. Участник осуществляет регулярные взносы из заработной платы, из этих взносов вкладчик удерживает определенную часть и перечисляет ее в фонд. При пенсионной схеме, в которой вкладчик предоставляет дополнительное финансирование, взносы участников пропорционально (эквивалентно) дополняются взносами вкладчика и отражаются на именном пенсионном счете участника.

30. Продолжительность внесения пенсионных взносов вкладчиком и/или участником соответствует периоду формирования пенсионной суммы, достаточной для обеспечения выплаты корпоративной пенсии в соответствии с условиями договора корпоративного пенсионного обеспечения.

31. Участник фонда для увеличения корпоративной пенсии вправе дополнительно вносить свои собственные средства, помимо регулярных пенсионных взносов, предусмотренных в условиях пенсионной схемы. Участник вправе изменить свой выбор пенсионной схемы или прекратить участие в пенсионной схеме в соответствии с условиями договора корпоративного пенсионного обеспечения.

32. Мамлекеттик эмес пенсияны дайындоо жана төлөө шарттары пенсиялык схемага ылайык корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминин шарттары менен белгиленет. Катышуучунун корпоративдик пенсияны алуу үчүн кайрылуусу анда пенсиялык негиздердин бири келип чыккандан кийин жүзөгө ашырылат.

33. Пенсиялык негиздер келип чыккандан кийин катышуучу корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминин шарттарына ылайык корпоративдик пенсияны төлөөнү камсыз кылуу үчүн топтолгон сумманын жетиштүүлүгүнө байланышкан негиздерди көрсөтүү менен корпоративдик пенсияны дайындоо үчүн фондго арыз бере алат.

34. Корпоративдик пенсияны дайындоо жана төлөмдөрдүн башталышы корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминин шарттарына жана ушул Жобого ылайык жүзөгө ашырылат. Төлөмдөр бир жолку төлөмдөр же үзгүлтүксүз пенсиялык төлөмдөр түрүндө жана пенсиялык схеманын шарттарына ылайык башка формаларда жүзөгө ашырылат.

Катышуучуга дайындалган корпоративдик пенсиянын өлчөмү иш берүүчүнүн катышуучунун пайдасына төлөнгөн пенсиялык төгүмдөрүнүн, өз пайдасына аманатчы катары чыккан катышуучунун пенсиялык төгүмдөрүнүн катышуучунун эмгек акысынан түшкөн кирешелеринин жана көрсөтүлгөн каражаттарды жайгаштыруудан алынган кирешенин эсебинен төлөнгөн жалпы жыйынды көлөмүнө жараша эсептелген өлчөмдөн төмөн болбоого тийиш.

35. Катышуучу корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишимин бузганда (анын ичинде иштен бошогондо) аманатчынын катышуучунун пайдасына фондго пенсиялык төгүмдөрдү которуусу токтотулат.

36. Катышуучу башка уюмдагы ишке өткөндө (же башка фондго өткөндө) пенсиялык төгүмдөр жана топтолмолор фонддун белгиленген эрежелерине, корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминин шарттарына ылайык башка уюмда (же фонддо) сакталат жана эсепке алынат.

Катышуучу корпоративдик фонду жок башка уюмга өткөн учурда катышуучу фонддун белгиленген эрежелерине, корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминин шарттарына ылайык төгүмдөрдүн жана топтолмолордун сатып алуу суммасын алууга тийиш.

37. Корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишими фонд тарабынан милдеттенмелер толук аткарылган, келишим бузулган, катышуучу каза болгон, фонд же аманатчы – юридикалык жак жоюлган учурда өз күчүн токтотот.

38. Корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишимин колдонууну токтотууда фонд белгиленген мөөнөттө пенсиялык



32. Условия назначения и выплаты негосударственной пенсии устанавливаются условиями договора корпоративного пенсионного обеспечения в соответствии с пенсионной схемой. Обращение участника за получением корпоративной пенсии осуществляется после наступления у него одного из пенсионных оснований.

33. После наступления пенсионных оснований участник может подать заявление в фонд на назначение корпоративной пенсии, указывая основания, связанные с достаточностью накопленной суммы для обеспечения выплаты корпоративной пенсии в соответствии с условиями договора корпоративного пенсионного обеспечения.

34. Назначение и начало выплат корпоративной пенсии осуществляется в соответствии с условиями договора корпоративного пенсионного обеспечения и настоящим Положением. Выплаты осуществляются в виде единовременной выплаты или регулярных пенсионных выплат и в иных формах в соответствии с условиями пенсионной схемы.

Размер корпоративной пенсии, назначаемой участнику, не может быть ниже размера, рассчитанного исходя из общего совокупного объема пенсионных взносов работодателя, уплаченных в пользу участника, пенсионных взносов участника, выступающего вкладчиком в свою пользу, уплаченных за счет доходов от заработной платы участника, и дохода, полученного от размещения указанных средств.

35. При расторжении участником договора корпоративного пенсионного обеспечения (в том числе при увольнении) перечисление пенсионных взносов вкладчиком в фонд в пользу участника прекращается.

36. При переходе участника на работу в другую организацию (или переходе в другой фонд) пенсионные взносы и накопления сохраняются и учитываются в другой организации (или в фонде) в соответствии с установленными правилами фонда, условиями договора корпоративного пенсионного обеспечения.

В случае перехода участника в другую организацию, в которой отсутствует корпоративный фонд, участник должен получить выкупную сумму взносов и накоплений в соответствии с установленными правилами фонда, условиями договора корпоративного пенсионного обеспечения.

37. Договор корпоративного пенсионного обеспечения прекращает свое действие в случае полного исполнения обязательств фондом, расторжения договора, смерти участника, ликвидации фонда или вкладчика – юридического лица.

38. При прекращении действия договора корпоративного пенсионного обеспечения фонд в установленный срок в соответствии с условиями пенсионной схемы и договора выплачивает выкупную

схеманын жана келишимдин шарттарына ылайык катышуучуга сатып алуу суммасын төлөйт же катышуучу өткөн фондго которот.

39. Кыргыз Республикасынын топтолмо пенсиялык фонддорунун иш чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарын бузгандыгы үчүн башкаруучу компания, фонд жана алардын кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти тартат.

### 4. Пенсиялык төгүмдөрдү жана милдеттенмелерди эсепке алуу

40. Фонддун же башкаруучу компаниянын эсепке алуу системасында кызматкердин пайдасына иш берүүчү тарабынан өз каражаттарынын эсебинен кызматкердин пайдасына төлөнгөн пенсиялык төгүмдөрдүн каражаттарын, кызматкердин эмгек акысынан түшкөн кирешелердин, ошондой эле көрсөтүлгөн каражаттарды инвестициялоодон түшкөн кирешелердин эсебинен төлөнгөн пенсиялык төгүмдөрдүн каражаттарын чагылдыруу үчүн энчилүү пенсиялык эсеп ачылат.

41. Иш берүүчү кызматкерге ушул Жобого ылайык аталган эсепти кызматкердин энчилүү пенсиялык эсеби катары идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү реквизиттерди көрсөтүү менен ага энчилүү пенсиялык эсептин ачылгандыгы жөнүндө маалымдайт.

42. Өзүнүн каражаттарынын эсебинен төлөөгө жараша аныкталган пенсиялык төгүмдөрдү жана иш берүүчүнүн кызматкерлердин алдындагы милдеттенмелерин эсепке алуу фонд же башкаруучу компания тарабынан кызматкердин пенсиялык эсебинде анын эмгек акысынан түшкөн кирешелердин эсебинен түзүлүүчү мамлекеттик эмес пенсияны төлөө үчүн каражаттарды түзүүгө ыктыярдуу катышуу жөнүндө арыз берген кызматкердин пенсиялык төгүмдөрүн эсепке алуудан өзүнчө жүзөгө ашырылат.

43. Фонддун же башкаруучу компаниянын катышуучулардын алдындагы милдеттенмелери фонддун же башкаруучу компаниянын пенсиялык эрежелерине ылайык катышуучунун энчилүү пенсиялык эсебинде чагылдырылган маалыматтардын негизинде аныкталат.

### 5. Иш берүүчүнүн жана кызматкердин укуктары жана милдеттери

44. Иш берүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) кызматкерлер менен кайра түзүлгөн өзүнчө келишимдер жөнүндө жана аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу фондго же башкаруучу компанияга маалымдоого;



сумму участнику или перечисляет в фонд, в который переходит участник.

39. За нарушение требований законодательства в сфере деятельности накопительных пенсионных фондов Кыргызской Республики управляющая компания, фонд и их должностные лица несут ответственность, предусмотренную законодательством Кыргызской Республики о правонарушениях, уголовным законодательством Кыргызской Республики.

### 4. Учет пенсионных взносов и обязательств

40. В пользу работника в системе учета фонда или управляющей компании открывается именной пенсионный счет для отражения на нем средств пенсионных взносов уплаченных работодателем за счет собственных средств в пользу работника, средств пенсионных взносов, уплаченных за счет доходов от заработной платы работника, а также доходов от инвестирования указанных средств.

41. Работодатель информирует работника об открытии ему именного пенсионного счета с указанием реквизитов, позволяющих идентифицировать указанный счет как именной пенсионный счет работника в соответствии с настоящим Положением.

42. Учет пенсионных взносов и обязательств работодателя перед работниками, определяемых исходя из уплачиваемых им за свой счет средств, осуществляется на пенсионном счете работника фондом или управляющей компанией отдельно от учета пенсионных взносов работника, подавшего заявление о добровольном участии в формировании средств для выплаты негосударственной пенсии, формируемых за счет доходов от его заработной платы.

43. Обязательства фонда или управляющей компании перед участниками определяются в соответствии с пенсионными правилами фонда или управляющей компании на основании сведений и информации, отраженных на именном пенсионном счете участника.

### 5. Права и обязанности работодателя и работника

44. Работодатель обязан:

1) информировать фонд или управляющую компанию о вновь заключаемых отдельных соглашениях с работниками и внесении в них изменений;

2) ежемесячно начислять пенсионные взносы в пользу работника в порядке и в размерах, которые предусмотрены договором по корпоративному пенсионному обеспечению, а также уплачивать их в фонд или управляющую компанию;

2) ай сайын корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминде каралган тартипте жана өлчөмдөрдө кызматкердин пайдасына пенсиялык төгүмдөрдү эсептөөгө, ошондой эле аларды фондго же башкаруучу компанияга төлөп берүүгө;

3) эгерде иш берүүчү менен кызматкердин ортосунда түзүлгөн өзүнчө макулдашуу менен башка тартип белгиленбесе, корпоративдик пенсияны төлөө үчүн каражаттарды түзүүгө ыктыярдуу катышуу жөнүндө арызды берген кызматкердин эмгек акысынан анын арызы боюнча пенсиялык төгүмдөрдү кармоого жана аларды фондго же башкаруучу компанияга которууга;

4) кызматкердин фондго же башкаруучу компанияга болгон укуктук талаптарын ишке ашыруу үчүн кызматкерлерди керектүү документтер менен, анын ичинде пенсиялык негиздемелердин бар экендигин тастыктаган документтер менен камсыз кылууга.

45. Иш берүүчү төмөнкүлөргө укуктуу:

1) өзүнүн кызыкчылыктарын жана кызматкерлердин (мурдагы кызматкерлердин) кызыкчылыктарын фонддун же башкаруучу компаниянын алдына коюуга;

2) фонддон же башкаруучу компаниядан корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишими боюнча милдеттенмелердин толук көлөмдө аткарылышын талап кылууга;

3) фонддун же башкаруучу компаниянын иш-аракеттерине соттук тартипте даттанууга.

46. Кызматкер төмөнкүлөргө укуктуу:

1) эмгек акы кирешесинин эсебинен корпоративдик пенсияны төлөө үчүн каражаттарды түзүүгө ыктыярдуу катышуу макулдугу жөнүндө арызын иш берүүчүгө жана фондго берүүгө;

2) эмгек акы кирешесинин эсебинен корпоративдик пенсияны төлөө үчүн каражаттарды түзүүгө ыктыярдуу катышуудан баш тартуу жөнүндө арызды иш берүүчүгө берүүгө;

3) ушул Жобого жана корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишимине ылайык иш берүүчүдөн кызматкердин пайдасына пенсиялык төгүмдөрдү төлөө боюнча милдеттенмелердин аткарылышын талап кылууга;

4) ушул Жобого, фонддун же башкаруучу компаниянын пенсиялык эрежелерине жана корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишимине ылайык аны дайындоо укугу келген учурда корпоративдик пенсияны алууга;

5) фонддон же башкаруучу компаниядан ушул Жобонун, фонддун пенсиялык эрежелеринин жана корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминин шарттарына ылайык корпоративдик пенсияны төлөө боюнча милдеттенмелердин аткарылышын талап кылууга;

6) ушул Жобонун, фонддун же башкаруучу компаниянын пенсиялык эрежелерине жана корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу



3) удерживать из заработной платы работника, подавшего заявление о добровольном участии в формировании средств для выплаты корпоративной пенсии, по его заявлению пенсионные взносы и перечислять их в фонд или управляющую компанию, если иной порядок не установлен отдельным соглашением между работодателем и работником;

4) обеспечивать работников документами, необходимыми для реализации права требования работника к фонду или управляющей компании, в том числе документами, подтверждающими наличие пенсионных оснований.

45. Работодатель имеет право:

1) представлять перед фондом или управляющей компанией свои интересы и интересы работников (бывших работников);

2) требовать от фонда или управляющей компании исполнения обязательств по договору корпоративного пенсионного обеспечения в полном объеме;

3) обжаловать действия фонда или управляющей компании в судебном порядке.

46. Работник имеет право:

1) подать работодателю и в фонд заявление о согласии на добровольное участие в формировании средств для выплаты корпоративной пенсии за счет доходов от заработной платы;

2) подать работодателю заявление об отказе участвовать в формировании средств для выплаты корпоративной пенсии за счет доходов от заработной платы;

3) требовать от работодателя исполнения обязательств по уплате пенсионных взносов в пользу работника в соответствии с настоящим Положением и договором по корпоративному пенсионному обеспечению;

4) получать корпоративную пенсию в соответствии с настоящим Положением, пенсионными правилами фонда или управляющей компании и договором корпоративного пенсионного обеспечения при наступлении права для ее назначения;

5) требовать от фонда или управляющей компании исполнения обязательств по выплате корпоративной пенсии в соответствии с условиями настоящего Положения, пенсионными правилами фонда и договором корпоративного пенсионного обеспечения;

6) получать выкупную сумму либо требовать ее перевода в другой негосударственный пенсионный фонд или управляющую компанию в соответствии с условиями настоящего Положения, пенсионными правилами фонда или управляющей компании и договором корпоративного пенсионного обеспечения;

7) в добровольном порядке прекратить свое участие в фонде в соответствии с настоящим Положением путем подачи работодателю

келишиминин шарттарына ылайык сатып алуу суммасын алууга же болбосо аны башка мамлекеттик эмес пенсиялык фондго же башкаруучу компанияга которууну талап кылууга;

7) иш берүүчүгө катышууну токтотуу жөнүндө арызды мындай катышууну токтотууга чейин 2 айдан кечиктирбестен берүү менен ушул Жобого ылайык өз ыктыяры менен фонддо өзүнүн катышуусун токтотууга.

47. Кызматкер өзүнүн милдеттенмелерин аткарууга таасирин тийгизүүчү өзгөрүүлөр жөнүндө иш берүүчүгө жана фондго же башкаруучу компанияга билдирүүгө милдеттүү.

48. Кызматкер ошондой эле “Кыргыз Республикасындагы топтолмо пенсиялык фонддор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган башка укуктарга жана милдеттерге ээ.

**6. Иш берүүчү кайра уюштурулган (жоюлган) учурда, ошондой эле эмгек келишими бузулган (токтотулган) учурда кызматкердин (кызматкер каза болгон учурда укуктук мураскерлердин) укуктарын ишке ашыруунун тартиби**

49. Иш берүүчү кайра уюштурулган учурда ушул Жобо менен жана корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишими менен шартталган бардык милдеттенмелер, анын ичинде пенсиялык төгүмдөрдү төлөө боюнча анын укуктук мураскерине өтөт. Мында кызматкерлер үчүн ушул Жобо менен каралган корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишиминин шарттарынын начарлашына жол берилбейт.

50. Иш берүүчү жоюлган учурда ушул Жобого ылайык кызматкерлердин катышуусу токтотулат. Корпоративдик пенсияны төлөө үчүн түзүлгөн каражаттар жана аларды инвестициялоодон алынган кирешелер бул учурда иш берүүчү жоюлганга чейин колдонулган шарттарда фонддо же башкаруучу компанияда калат, иш берүүчүнүн пенсиялык төгүмдөрдү төлөө боюнча милдеттенмелеринен башкасы, алар иш берүүчүнү жоюу жол жобосу бүткөн күндөн тартып токтотулат.

51. Фонд же башкаруучу компания жоюлган учурда корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу боюнча пенсиялык топтомдордун каражаттары пенсиялык келишимдер боюнча милдеттенмелерди аткаруу, сатып алуу суммаларын төлөө, аманатчынын же катышуучунун тандоосу боюнча сатып алуу суммаларын башка фонддорго же башкаруучу компанияларга которуу, мындай тандоо болбогон учурда пенсиялык эрежелерде көрсөтүлгөн фондго же башкаруучу компанияга которуу үчүн пайдаланылат.

52. Фонд же башкаруучу компания жоюлган учурда милдеттүү пенсиялык камсыздандыруу боюнча пенсиялык топтомдордун



заявления о прекращении своего участия не позднее чем за 2 месяца до предполагаемого прекращения такого участия.

47. Работник обязан сообщать работодателю и в фонд или управляющую компанию об изменениях, влияющих на исполнение им своих обязательств.

48. Работник имеет также иные права и обязанности, предусмотренные Законом Кыргызской Республики «О накопительных пенсионных фондах в Кыргызской Республике».

**6. Порядок реализации права работника (правопреемников в случае смерти работника) в случае реорганизации (ликвидации) работодателя, а также в случае расторжения (прекращения) трудового договора**

49. В случае реорганизации работодателя все обязательства, обусловленные настоящим Положением и договором корпоративного пенсионного обеспечения, в том числе по уплате пенсионных взносов, переходят к его правопреемникам. При этом не допускается ухудшение условий корпоративного пенсионного обеспечения, предусмотренных настоящим Положением для работников.

50. В случае ликвидации работодателя участие работников в соответствии с настоящим Положением прекращается. Средства, сформированные для выплаты корпоративных пенсий, и доходы от их инвестирования в этом случае остаются в фонде или управляющей компании на условиях, существовавших до ликвидации работодателя, за исключением обязательства по уплате работодателем пенсионных взносов, которое прекращается с даты завершения процедуры ликвидации работодателя.

51. При ликвидации фонда или управляющей компании средства пенсионных накоплений по корпоративному пенсионному обеспечению используются для исполнения обязательств по пенсионным договорам, выплаты выкупных сумм, перевода выкупных сумм в другие фонды или управляющую компанию по выбору вкладчика или участника, а при отсутствии такого выбора – в фонд или управляющую компанию, указанные в пенсионных правилах.

52. При ликвидации фонда или управляющей компании средства пенсионных накоплений по обязательному пенсионному страхованию в полном объеме в трехмесячный срок передаются в Социальный фонд Кыргызской Республики при Кабинете Министров Кыргызской Республики в порядке, определяемом Кабинетом Министров Кыргызской Республики. Социальный фонд Кыргызской Республики при Кабинете Министров Кыргызской Республики по принятым средствам несет обязательства в рамках законодательства,

каражаттары толук көлөмдө үч айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна берилет. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду мамлекеттик социалдык камсыздандырууну жөнгө салуучу мыйзамдардын алкагында берилген пенсиялык топтомдордун каражаттарынын көлөмүнүн чегинде милдеттенмелерди алат.

53. Фонд же башкаруучу компания жоюлган учурда милдеттүү пенсиялык камсыздандыруу боюнча пенсиялык топтомдордун каражаттарынын эсебинен аманатчылардын жана катышуучулардын талаптарын канааттандырууга жана мамлекеттик эмес пенсиялык камсыз кылуу боюнча пенсиялык топтомдордун каражаттарынын эсебинен камсыздандырылган адамдардын талаптарын канааттандырууга жол берилбейт.

54. Кызматкер менен эмгек келишими бузулган учурда жана ал жаңы жумуш берүүчү менен корпоративдик пенсияны дайындоо укугун берген ишти аткарууга келишим түзгөн учурда корпоративдик пенсияны төлөө үчүн түзүлгөн каражаттар жана аларды инвестициялоодон алынган кирешелер кызматкердин макулдугу менен 7 жумуш күндөн кечиктирилбестен жаңы жумуш берүүчүнүн пенсиялык эрежелеринде аныкталган фондго же башкаруучу компанияга берилет.

55. Корпоративдик пенсияларды төлөө үчүн түзүлгөн каражаттар жана аларды инвестициялоодон алынган кирешелер мындай учурларда көрсөтүлгөн кызматкердин пенсияга чыгуу укугу келип чыккан күндөн тартып кызматкерге (мурдагы кызматкерге) корпоративдик пенсияны төлөөгө жумшалат.

56. Корпоративдик пенсия дайындалганга чейин кызматкер каза болгондугуна байланыштуу эмгек келишими токтотулган учурда, топтолгон каражаттар жана аларды инвестициялоодон түшкөн киреше Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына, фонддун же башкаруучу компаниянын пенсиялык эрежелерине, ошондой эле корпоративдик пенсиялык камсыз кылуу келишимине ылайык каза болгон кызматкердин мураскорлоруна өткөрүлүп берилет.

57. Пенсиялык топтомдун каражаттарын пенсиянын топтолмо бөлүгүн түзүүгө жумшаган аманатчы (катышуучу), камсыздандырылган адам каза болгондо, анын мураскерлери аныкталбаган учурда, фонд же башкаруучу компания алты ай өткөндөн кийин пенсиялык топтомду, анын ичинде аларды инвестициялоодон алынган кирешелерди, тиешелүү маалыматтар менен бирге Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна кайтарып берет. Камсыздандырылган адамдын же аманатчынын (катышуучунун) каза



регулирующего государственное социальное страхование, в пределах переданного объема средств пенсионных накоплений.

53. При ликвидации фонда или управляющей компании не допускается удовлетворение требований вкладчиков и участников за счет средств пенсионных накоплений по обязательному пенсионному страхованию и удовлетворение требований застрахованных лиц за счет средств пенсионных накоплений по негосударственному пенсионному обеспечению.

54. В случае расторжения трудового договора с работником и заключения им трудового договора с новым работодателем на выполнение работ, дающих право на назначение корпоративной пенсии, средства, сформированные для выплаты корпоративных пенсий, и доходы от их инвестирования с согласия работника передаются не позднее 7 рабочих дней в фонд или управляющую компанию, определенными пенсионными правилами нового работодателя.

55. Средства, сформированные для выплаты корпоративных пенсий, и доходы от их инвестирования в таких случаях направляются на выплату работнику (бывшему работнику) корпоративной пенсии с даты возникновения у работника права на указанную пенсию.

56. В случае прекращения трудового договора в связи со смертью работника до назначения корпоративной пенсии накопленные средства и доходы от их инвестирования передаются наследникам умершего работника в соответствии с гражданским законодательством Кыргызской Республики, пенсионными правилами фонда или управляющей компании, а также договором корпоративного пенсионного обеспечения.

57. В случае смерти вкладчика (участника), застрахованного лица, направившего средства пенсионного накопления на формирование накопительной части пенсии, если его наследники не определены, фонд или управляющая компания по истечении шести месяцев возвращают пенсионные накопления, включая доход от их инвестирования, в Социальный фонд Кыргызской Республики при Кабинете Министров Кыргызской Республики с соответствующей информацией. Основанием для передачи пенсионных накоплений является документ, содержащий сведения о смерти застрахованного лица или вкладчика (участника).

58. Работодатель не имеет права на получение выкупной суммы при прекращении пенсионного договора корпоративного пенсионного обеспечения вне зависимости от оснований прекращения указанного договора.

болгондугу жөнүндө маалыматты камтыган документ пенсиялык топтомду берүүгө негиз болуп саналат.

58. Корпоративдик пенсиялык камсыз кылуунун пенсиялык келишими токтотулган учурда аталган келишимди токтотуунун негиздерине карабастан иш берүүчүнүн сатып алуу суммасын алууга укугу жок.

**7. Фонддун бухгалтердик эсеби, отчеттуулугу жана аудити**

59. Фонд "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жана топтолмо пенсиялык фонддордун ишин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген тартипте өзүнүн операцияларынын бухгалтердик эсебин жүргүзүүгө жана финансылык отчеттуулукту түзүүгө тийиш.

60. Фонд ай сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 10нан кечиктирбестен, топтолмо пенсиялык фонддордун ишин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органга отчет берүүгө милдеттүү.

61. Фонддун иши жыл сайын милдеттүү аудиттен өткөрүлүүгө тийиш.

62. Фонддун финансылык отчеттуулугунун аудити аудитордук уюм тарабынан Кыргыз Республикасынын аудитордук иш жөнүндө мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

63. Фонддун финансылык отчеттуулугун текшерүүнү жүзөгө ашыруучу аудитор фонддун, анын башкаруучу компаниясынын, депозитарийдин, уюштуруучулардын жана кызмат адамдарынын аффилирленген жагы боло албайт.

64. Аудитордук текшерүүнүн натыйжалары топтолмо пенсиялык фонддордун ишин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органга берилет.



**7. Бухгалтерский учет, отчетность и аудит фонда**

59. Фонд должен осуществлять бухгалтерский учет своих операций и формировать финансовую отчетность в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О бухгалтерском учете» отчетность в порядке, установленном уполномоченным органом по регулированию деятельности накопительных пенсионных фондов.

60. Фонд обязан ежемесячно, не позднее 10 числа месяца, следующего за отчетным периодом, предоставлять отчетность в уполномоченный орган по регулированию деятельности накопительных пенсионных фондов.

61. Деятельность фонда подлежит ежегодному обязательному аудиту.

62. Аудит финансовой отчетности фонда осуществляется аудиторской организацией в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики об аудиторской деятельности.

63. Аудитор, осуществляющий проверку финансовой отчетности фонда, не может являться аффилированным лицом фонда, его управляющей компании, депозитария, учредителей и должностных лиц.

64. Результаты аудиторской проверки предоставляются в уполномоченный орган по регулированию деятельности накопительных пенсионных фондов.